11

# «Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

**«Бекитемин»**

**«БИК»тин мүдүрү ф.и.к., доцент**
**Эркинбеков К.Э.**____________
«___» 09 ____________ 2025-жыл

## Мугалимдер күнүнө арналган майрамдык салтанатына карата иш планы

1-2-курстар үчүн

## Темасы: «Мугалим-мөмөлүү дарак»

Даярдаган: Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары -Тагаева Гүлзат Аликовна

(кол тамгасы )____________

**2025 - жыл**

**Бишкек инновациялык колледжи мекемеси**

**Бишкекский инновационный колледж**

**Мугалимдер күнүнө арналган майрамдык салтанаттын сценарийи**

**Сценарий праздника ко Дню Учителя**

**Иш чаранын жүрүшү:** *Иш чара Кыргыз тилинин гимнин уктуруу менен башталат. (3 м.).*

**1. Саламдашуу**

***Шахниза:*** Саламатсыздарбы, улуу урматтуу агай-эжелер!!!

– Урматтуу мугалимдер! Ар бириңиздер биздин жүрөгүбүздө өзгөчө орунду ээлейсиздер. Силер — билимдин жарыгын чачкан чыраксыздар, келечек муунга жол көрсөткөн устатсыздар. Бүгүн биз силерди куттуктап, ыраазычылык билдирүү үчүн чогулуп турабыз!

***Бектурсун:*** *– Дорогие учителя! Ваш вклад в наше будущее невозможно переоценить. Вы не просто делитесь знаниями — вы воспитываете личности, вдохновляете на новые свершения и помогаете каждому найти свой путь. В этот особенный день примите нашу искреннюю благодарность и самые тёплые слова за ваш неоценимый труд и заботу!*

***Шахниза:*** Сиздерди «Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинин студенттери жана студенттер кеңешинин жалпы жамаатынын атынан 5-октябрь - Бүткүл дүйнөлүк мугалимдер күнү менен куттуктап, бекем ден соолук, узун өмүр, бакыт жана ийгилик каалайбыз!

**Чогуу:** Улуу урматтуу агай-эжелер **Кесиптик Майрамыңыздар менен!!!** (чогуу а.)

**1. Сөз берилет**

***Шахниза:*** Сахнага Бишкек инновациялык колледжинин директору, философия илимдеринин кандидаты, доцент Эркинбеков Кылыч Эркинбековичти чакырабыз.

**Бектурсун: Тарыхы**: Жыл сайын 5-октябрда дүйнөнүн 100дөн ашык өлкөлөрүндө Мугалимдер күнү белгиленет, ал Дүйнөлүк мугалимдер күнү катары 1994-жылы негизделген.

Ушул күндү майрамдоо өсүп келе жаткан муундун билим алуусуна жана тарбиялоого кошкон салымы үчүн дүйнөнүн мугалимдерине сый-урмат жана ыраазычылык билдирүүнүн символу болуп калды.

2014-жылы Өкмөттүн токтому менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү кызматкерлеринин күнүн 5-октябрда белгилөө чечими кабыл алынган.

***Шахниза:*** Биздин «Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинде 70 жакын окутуучулар эмгектенет. Сиздердин ар бириңиздер коомдун аң-сезимин жогорулатууда, инновациялык идеяларды жана таланттарды жаратууда маанилүү роль ойнойсуздар. Келечектеги лидерлерди, илимпоздорду жана агартуучуларды өстүрүп, жүрөктөргө илим нурун сээп жаткан кымбаттуу окутуучуларыбыздын эмгеги баа жеткис.

2. **Ыр.** “Сүрөөн” ыры

**Бектурсун:** Пусть первым аккордом нашего торжества станет музыкальный подарок от студентов 3 курса группы А-1-23 с песней “Сүрөөн” для своих дорогих преподавателей. В каждой строчке этой песни звучит наша благодарность и любовь к вам, наставники! На сцене — студентки 3-го курса Азаматова Элона, Таштанбекова Шахниза. Встречайте!

3. **Бий.** Индия бийи

***Шахниза:*** Келечектин пайдубалын бекемдей турган негиз катары жаш муундарга жол көрсөткөн инсандар - сиздерсиздер. Ар бириңиздер билим, зор эмгек жана чыдамкайлык менен студенттерге жарык чачып, аларды турмушка даярдап жатасыздар. Биздин келечектин кепилдиги болгон муундар сиздердин көзөмөлдө калыптанып, көчөт сыяктуу өзгөчө камкордук менен өсүп, коомго жана адамзатка салым кошо ала турган күчтүү инсандарга айланышууда.

– Урматтуу окутуучулар, азыр сахнабызда күндүн ысык нурун, жаштыктын энергиясын жана бийдин сулуулугун чагылдырган өзгөчө номер! Анда эмесе Сиздер үчүн **3-курстун А-2-23 тайпасынан студенткасы Эсенбекова Элиза**

## 4. Көркөм окуу. Выразительное чтение

**Бектурсун:** А сейчас мы приглашаем вас насладиться выразительным чтением в исполнении наших студентов. Эти строки прозвучат сегодня специально для вас, уважаемые преподаватели — как знак благодарности и уважения за ваш труд.

***Шахниза:*** Мугалим – бул жөн гана кесип эмес, бул – өмүрүн башкалардын келечегине арнаган адам. Ар бир студент жүрөгүндө өз окутуучусуна болгон ыраазычылыгын, сый-урматын билдирет. Ошол сезимдерди сөз аркылуу билдирип, бүгүн сахнада окутуучуларга арналган көркөм окуу тартууланат. Алдыңыздарда 1 курсунун Ю-1-25 тайпасынын студенткасы Мейимбекова Аделя жана М-1-25 тайпасынын студенти Азизбеков Данияр. Тосуп алыңыздар!!!

**Бектурсун:** Билим – коомдун өнүгүүсүндө маанилүү элементтердин бири. Кымбаттуу окутуучулар, сиздер бул жолдо студенттерге билим гана эмес, ошол эле учурда баалуулуктарды да үйрөтүү менен алардын жеке жана социалдык өнүгүүсүнө багыт берип жатасыздар. Зор эмгегиңиздер өлкөбүздүн жаркын келечегин түптөөдө эң чоң үлүшкө ээ.

***Шахниза:*** – Урматтуу окутуучулар, ар бир жылы биздин студенттер сиздерге өзгөчө белек тартуулап келишет. Бүгүн да андай салт уланат! Азыр студенттер кеңешинен Сиздерге чыгармачылык белек – атайын даярдалган видеоролик. Бул видеодо– Биздин Сиздерге болгон ыраазычылык, сүйүү, мээримдүүлүк тартууланмакчы. Көңүл бөлүп коюңуздар!!! *(Видеообращение от студ совета).*

**5. Хор. “Мугалимдер ыры тартууланат**

– ***Бектурсун:*** А сейчас — долгожданный дебют от наших первокурсников! Они только начинают свой путь в нашем колледже, но уже заряжены вдохновением, энтузиазмом и желанием творить. Их выступление — это не просто песня, а настоящий сюрприз, наполненный искренней благодарностью и любовью к вам, дорогие учителя!

**Шахниза:** 1-курстардын атынан ыр ……………………….тартууланат! Тосуп алыңыздар!!!

1.
2.
3.
4.
5.
6.
7.
8.
9.

*(В финале — хлопушки, выход студентов с буквами:)*

С ДНЕМ УЧИТЕЛЯ!

**6. Студенттер кеңешинин мүчөлөрүнө сөз берилет.**

***Бектурсун:*** *Любой праздник становится по-настоящему особенным, когда в нём звучат слова благодарности. Сегодня эти слова — не просто формальность, а искренние чувства, идущие от самого сердца. На сцену приглашаются представители первого и второго курсов, (а также заведующие секторами культурно-массовых мероприятий). Они подготовили для вас слова признательности и самые добрые пожелания!*

**Шахниза:** Эми сөз студенттик кеңештин төрагасына жана үчүнчү курстун өкүлдөрүнө берилет.

Алар сиздерге ыраазычылык сөздөрүн жана ак дилден чыккан каалоо-тилектерин билдиришет.

Речь председателя студсовета и представителя 3 курса

Дарение подарков.

## ЗАВЕРШЕНИЕ

**Ведущий 2 (русский):**

– Уважаемые педагоги!

Пусть каждый день дарит вам радость, повод гордиться своими учениками и силы для новых достижений.
Пусть ваша жизнь будет богата благодарными улыбками, добрыми словами и светлыми моментами!

**Ведущий 1 (кыргызский):**

– Урматтуу мугалимдер! Ар бир күнүңүз ийгиликке, кубанычка жана сүйүнүчкө толсун!

Билим берүүдөгү эмгегиңиздерге терең ыраазычылык билдиребиз.

Силерсиз биздин келечек жарык болмок эмес!

Вместе:

**– С праздником! С Днём Учителя!**